КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
АК-ТАЛАА РАЙОНУ

ЖАҢЫ-ТАЛАП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЖАНЫ-
ТАЛАПСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Жаны-Талап айылдык Кенешинин VII-чакырылышнын**
**кезексиз X сессиясынын**

**ТОКТОМУ №X/5**

**27-апрель 2022-жыл.** **Жаны-Талап айылы.**

**Жаны-Талап айыл аймагындагы сугат суусун алуучу негизги каналдарды муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу оргагндары жөнүндө" мыйзамына ылайык Суу кодексинин 16-1 беренесин жетекчиликке алып депутаттардын Жаны-Талап айылдык Кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Талаа районунун Жаны-Талап айыл аймагынын, Жаны-Талап айылында сугат суусун берүүнү башкаруу жергиликтүү маанидеги маселе катары белгиленсин.
2. Ак-Талаа районунун Жаны-Талап айыл аймагынын айыл өкмөтүнө төмөндөгүлөр тапшырылсын.
   - Ак-Талаа райондук суу чарба башкармалыгы жана суу чарба бирикмелери (СПА.ж.б.у.с) менен биргеликте Жаны-Талап айыл аймагындагы ички чарбалык каналдарды тактап муниципалдык менчикке өткөрүп берүү кабыл алууларды жүргүзсүн;
   - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Ак-Талаа районунун Жаны-Талап айыл аймагынын муниципалдык менчик объектилеринин реестирине толуктоолорду киргизүү;
   - Жергиликтүү бюджеттин 2023-2024-2025-жылдарга карата пландуу көрсөткүчтөрүнө Жаны-Талап айыл аймагынын ички суу чарба курулмаларын күтүүгө байланыштуу маселелерди киригизүүнү;
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Жаны-Талап айыл өкмөтүнүн башчысы У.Айтмамбетовго тапшырылсын.

**Айылдык Кеңештин төрагасы:** **Ж.Турдубеков.**